**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛГЕН
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйрук № ___863/1_______
«__10__»___май____2022 ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө»**

**Квалификациясы: – техник**

**Бишкек 2022**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модул** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенция** - окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);
- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;
- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык денгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-глава. Колдонуу жаааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча (мындан ары - Тизме) негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин,

эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында тиешелуу адистик боюнча лицензиясы жана аккредитациясы бар, менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- билим беруу программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

## 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- сырттан окуу;

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 2 жыл 10 айдан кем эмести түзөт. Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Орто кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруусу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен башка адистик боюнча жогорку кесиптик билим же орто кесиптик билим алууда студент өздөштургөн (өткөн) өзунчө дисциплиналар (модулдар) жана (же) өзунчө практикалар боюнча окутуунун натыйжаларын толук же жарым жартылай кайра кабыл алышы мүмкүн.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган учурда негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти түзөт.

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү-майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

**160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү-майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

"Аэродромдогу күйүүчү-майлоочу материалдардын сапатын текшерүүнү уюштуруу, кампага күйүүчү-майлоочу материалдарды жана атайын суюуктуктарды кабыл алуу, аларды эсептөө, сактоо, авиакүйүүчү каражаттар менен камсыздоочу жабдыктарды эксплуатациялоо, андан тышкары күйүүчү-майлоочу материалдардын сапаттарын аэродромдо жана лабораторияда текшерүү, аба кемелерине май куюуу үчүн күйүүчү-майлоочу материалдарды бөлүштүрүү иштерин уюштуруучу жана аткаруучу жалпы жана кесиптик компетенцияларга ээ техникти даярдоо"

**160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү-майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- максатка умтулгандык, уюшкандык;
- эмгекчилдик жана жоопкердик;
- жарандуулук, коммуникативдүүлүк жана толеранттуулук;
- жалпы маданиятын жогорулатуу;

12. **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү-майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистигин бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин тармагы:

- жарандык авиациянын авиамекемелеринде учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар жана атайын суюуктуктар менен тейлөөнү камсыз кылууну;
- күйүүчү- майлоочу материалдардын кампаларынын жана нефтини кайра иштетүүчү комплекстердин иштерин уюштурууну;
- автомайкуюуучу станциялардын иштерин уюштурууну камтыйт.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- техникалык документтер;
- күйүүчү - майлоочу материалдардын кампаларынынын, лабораторияларынын, күйүүчү - майларды толтуруу пункттарынын, борборлоштурулган май куюу системаларынын, учуучу аппараттарга май куюу каражаттарынын технологиялык жабдыктары;
- аэропорттордун авиакүйүүчү майлар менен камсыз кылуу аймактарында башкаруу процесстери;
- баштапкы эмгек коллективтери;

14. Техник төмөнкү кесиптик иштин түрлөрү боюнча даярдалып чыгарылат;

- өндүрүштүк - технологиялык;

- уюштуруучулук - башкаруу;
- монтаждоо – ондоо;
- тейлөө – эксплуатациялоо.

15. **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү-майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистигин бүтүргөн бүтүрүүчү төмөнкү кесиптик иштин милдеттерине даярдалышы керек:

**өндүрүштүк - технологиялык;**

- күйүүчү - майлоочу материалдындын жана атайын суюуктуктардын кирүү тартибин текшерүүнү ишке ашыруу;
- иштелип чыккан технологиялык процесстерге ылайык учуучу аппараттардын май куюуучу каражаттарынын атайын системаларын эксплуатациялоо;
- май куюууга бөлүнгөн күйүүчү - майлоочу материалдындын жана атайын суюуктуктардын сапатын баалоо;
- күйүүчү - майлоочу материалдындын жана атайын суюуктуктардын коюулугунун себептерин талдоо жана аларды жакшыртуу боюнча техникалык талаптарды жана сунуштарды иштеп чыгуу;

**уюштуруучулук - башкаруу;**

- аткаруучулар коллективинин ишин уюштуруу;
- өндүрүштүк иштерди пландаштыруу жана уюштуруу;
- стандарттык эмес кырдаалда иштерди пландаштырууда онтойлуу чечимдерди кабыл алуу;
- аткарылган иштердин сапатын текшерүүнү ишке ашыруу;
- өндүрүштүк ишмердүүлүктүн экономикалык эффективдүүлүгүн баалоого катышуу, өндүрүштө коопсуздук техникасын камсыз кылуу;

**монтаждоо – ондоо:**

- авиакүйүүчү майлар менен камсыз кылуу каражаттарын техникалык тейлөөчү жана ондоочу жабдыктарды монтаждоону жана ондоону жүргүзүү;
- ар кандай багыттагы транспорттук жана транспорттук-технологиялык машиналарды өндүрүштө сыноо үчүн технологиялык жабдыктарга, приборлорго, түйүндөргө, системаларга жана тетиктерге монтаждоо, ондоо, сыноо жана эксплуатацияга берүү иштерин жүргүзүү.

**тейлөө – эксплуатациялоо:**

- күйүүчү - майлоочу материалдындын кампаларынын электрондук жабдыктарын жана электроэнергетикалык системаларын техникалык эксплуатациялоо, жабдыктардын иштешинде дефектерди табуу жана жоюу, бузулуулардын эсебин алуу жана талдоо, колдонуудагы стандарттарга жана нормативдик документтерге ылайык жабдыктардын ишенимдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштерди аткаруу;
- аткаруучулар коллективинин курамында орнотулган,

эксплуатациядагы жана ондолуучу жабдыктардын иш жарамдуулугун сыноо жана аныктоо;

- текшерүүчү-өлчөөчү аппаратураларды колдонуу менен учуучу аппараттарды күйүүчү - майлоочу материалдар менен толтуруучу ар кандай система жабдыктарынын иштөөсүнө талдоо жүргүзүү;
- эксплуатациялык-техникалык документтерди алып баруу, көрсөтмөлөрдү жана башка техникалык документтерди иштеп чыгуу, андан тышкары стандарттык эмес жабдыктарды ойлоп табуу жана жасоо;
- авиамайкуйуучу объектилеринде бузулууларды табуу жана жоюу, нормативдик документтерге ылайык күйүүчү- майлоочу материалдарды жана атайын суюуктуктарды кабыл алуу, берүү жана сордуруп куюуштуруунун технологиялык түзмөгүн иштеп чыгуу.

16. Бүтүрүүчүлөрдүн билимин улантуу мүмкүнчүлүгү.

Кесиптик орто билим берүүнүн **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү-майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- тездетилген программалар боюнча тиешелүү профилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө.

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациянын алкагында, квалификациянын жана кесиптик стандарттын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде иштелип чыгат.

Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары илимдик маданияттын, экономиканын техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөсүн өнүгүүсүн эске алуу менен берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөр менен туюндурулган сунуштарга ылайык негизги кесиптик билим берүү программасын 5 жылда бир жолудан кем эмес жанылап турууга милдеттүү.

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;
- билим беруу программаларына мониторинг жүргүзүү, мезгил мезгили менен рецензиялоо;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана ыктарынын, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды натыйжалуу колдонууну, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо аркылуу контролдоо;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү туруктуу негизде текшерип туруу;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоо.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Бүтүрүүчүлөрдү Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо, мамлекеттик аттестациялык сыноолордун төмөнкү түрлөрүнөн турат;

- сабактар аралык Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилген сабактар; «Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы жана Кыргызстандын географиясы»;

- адистиги боюнча жыйынтыктоочу дисциплинардык экзамен.

Жыйынтыктоочу аттестацияга академиялык карызы жок жана окуу планында каралган окуу курсун толук бүтүргөн бүтүрүүчү киргизилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өргөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35тен кем эмес пайызын түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнүүчү сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модулу) боюнча экзаменге даярданууга каралган убакыт киргизилет.

26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

27. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

28. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү-майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы:**

ЖК1. - өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

ЖК2.- стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

ЖК3.- кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4. - кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК 5. - командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

ЖК6. - команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

ЖК7. - жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

ЖК8.- чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу;

ЖК9. - заманбап билим берүүчү жана маалыматтык технологияларды колдонуу менен жогорку денгээлде өз алдынча жаны билимдерге ээ болуу;

ЖК10. өз алдынча жогорку денгээлде эмгегин жана ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын баалоо.

**б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик:**

**Өндүрүштүк – технологиялык:**

КК1. Транспорттун бардык түрлөрү менен келген күйүүчү- майлоочу материалдар жана атайын суюктуктарды кабыл алуу боюнча иштерди ишке ашыруу;

КК2. Күйүүчү- майлоочу материалдарды жана атайын суюктуктарды сактоо боюнча иштердин комплексин жүргүзүү;

КК3. Авиациялык техниканы эксплуатациялоого таасир этүүчү күйүүчү- майлоочу материалдардын физика-химиялык касиеттерине талдоо жүргүзүү;

КК4. Күйүүчү- майлоочу материалдарды жана атайын суюктуктарды учуучу аппараттарга куюга даярдоо жана алардын сапатына аэродромдук текшерүү жүргүзүү;

**Монтаждоо – ондоо:**

КК5. Технологиялык операцияларды аткаруу учурунда авиамай менен камсыз кылуучу объектилердин жабдыктарына жана имараттардын техникалык абалына байкоо жүргүзүү;

**Уюштуруучулук – башкаруу:**

КК6. Аткаруучулар колективинин ишин уюштуруу;

КК7. Өндүрүштүк иштерди пландаштыруу жана уюштуруу;

КК8. Өндүрүштө коопсуздук техникасын камсыз кылуу;

КК9. Авиамай менен камсыз кылуучу объектилерде учуулардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

КК10. Регламентке ылайык, авиамай менен камсыз кылуучу объектилеринин технологиялык жабдыктарына техникалык тейлөөнү жана ондоону өткөрүүнүн графигин иштеп чыгуу.

**Тейлөө – эксплуатациялоо:**

КК11. Авиамай менен камсыз кылуучу объектилеринин жабдыктарына техникалык тейлөө жүргүзүү;

КК12. Жабдыктарга пландаштырылган алдына-ала ондоо иштерин жүргүзүү.

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасына төмөнкүдөй блоктор жана окуу циклдери кирет:

**1 - блок** “Дисциплиналар (модулдар)”

1) жалпы гуманитардык цикл;

2) математикалык жана табигый илимдер циклы;

3) кесиптик цикл;

4) дене тарбия

**2 - блок** “Практика”;

**3 - блок**. “Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация”;

Орто кесиптик окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат, улуттук квалификациялык алкакта тармактык/сектордук квалификациялык жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун орто кесиптик окуу жайы улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдөрдө өз алдынча аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин билим берүү дисциплиналарын ишке ашырууну камсыз кылуусу керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү адистик боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул Макетке тиркелген түзүмгө ылайык иштелип чыгат.

31. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана элективдүү бөлүккө ээ болушу керек. Элективдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, ыктарын жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк бериши керек. Элективдүү бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албастан милдеттүү бөлүктүн көлөмү негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50дон ашпаган пайызын түзүүгө тийиш.

Орто кесиптик окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун ондоону жана социалдык адаптациялоону камсыздоочу негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүндүгүн берүүсү тийиш.

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими

бар жана системалык түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Кесиптик циклдын окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги багыты боюнча жогорку кесиптик билимге (авиациялык адистиктерден тышкары) ээ болуулары керек. Авиациялык адистиктерге сабак берген атайын кесиптик орто билими бар адистер окутуучу болуп эмгектене алышат, бирок алардын өз кесиби боюнча иш тажрыйбасы болуусу шарт.

Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо стажы 10 жылдан кем эмес өндүрүшчүлөр эсепке алынат.

Мугалим/окуучунун нормативдик катышы 1:12ден ашпайт.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Китепкана фонду баардык циклдардын базалык бөлүгүндөгү сабактар боюнча, акыркы 10 жылда (жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклдин базалык бөлүгүндөгү сабактар үчүн акыркы 5 жылда) басылып чыккан же электрондук түрдөгү окуу адабияттар менен толукталышы керек.

Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

34. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек. 1 окуучуга жарактуу аянттын ченемдик мааниси 2 сменалык класстарды эске алуу менен 7 $м^2$ болушу керек. Материалдык-техникалык база аталган кесиптин адистери колдонушкан аба кемелеринин агрегаттарын, механизмдерин, конструктивдик элементтерин аэропорттун жерден башкаруу механизм каражаттарын камтыйт. Кесипти толук түрдө өздөштүрүү үчүн, каралган жабдуулар:

1. Учак-тик учак паркы менен адистештирилген полигон, механизациялаштырылган жабдуулар менен жабдылган, жук көтөрүүчү транспорт, аба кемелерине атайын суюктуктар жана май куюуучу жабдуулар (СЖиМ);
2. Аба кемелеринин бүтүмү, май менен камсыздоо системасында практикалык чеберликти иштеп чыгуу жана атайын суюктуктар менен толтуруу (Боинг самолеттору (учактар 737-300, Як-40, Ан-28, Ан-2, Ми-8, Ми-24 тик учактары);
3. Ар түрдүү аба кемелеринин күч орнотмолору бүтүмү жана кесилиши (Аи-25, Аи-24 ТВ2-117, ТВ-3-117, GFM-56, Аи-9, Та- 6 ж.б.у.с.);
4. Толук баалуу кабинасы менен ар кандай аба кемелеринин практикалык иш үчүн атайын суюктуктарды жана күйүүчү май куюу тренажеру, ошондой эле авариялык өзгөчө кырдаалдарда экипаждын менен техникалык курамдын аракети;
5. Ар кандай схема боюнча аларды окшоштуруу менен стационардык стендди орнотуу, (заводдук стенддер, күйүүчү май, аба менен иштетүүчү,гидравликалык, өрткө каршы, тормоздук, суфлирлөөчү жана башка системалар боюнча)
6. Авиациялык моделдөө лабораториясы, толук циклдүү өндүрүү жана сыноо менен, жана андан ары учуучу аппараттардын моделдерин куч бутумдору менен эксплуатациялоо;
7. Авиациялык коопсуздук лабораториясы;
8 ”Аэродром жана аэропорттор” лабораториясы, перрондук белгилер жана учуп конуучу тилкеси менен.
9. Аба транспортундагы кооптуу жүктөр боюнча лаборатория;
10. Химиялык лаборатория, ачык май толтуруу системалуу учуучу аппараттар (Ан-2, Ми-8), куюу системасы жабык учуучу аппараттар (Боинг-737) май жана май системалары менен учуучу аппараттар кыймылдаткычтары, прибор ПОЗ-Т суу менен куйуучу майдын калдыктарын аныктоо үчүн, турдуу Ареометрлер тыгыздыгын аныктоо күйүүчү, вискозиметр прибордун күйүүчү майлоочу материалдырдын илээшкектигин аныктоо, элементтерде басымдын өзгөрүүсүн аныктоо чыпкалардын иштешин контролдоо үчүн манометрлер, түтүк өткөргүчтөрү пресстеш үчүн манометрлер, КММ температурасын аныктоо үчүн термометрлер, суунун күйүүчү майдагы индикатору, борбордон КММ четтөөчү насос, КММ айдоочу тиштүү насос, КММ айдоочу насос, плунжердик КММ куюу үчүн насос, кристаллизацияга каршы суюктукту ченемдоочу, суюктук, суюктук эсептегичтер, резервуарлардын дем алуу клапандары, май куюу учтары, ачык май куюу тапанчалары, фильтрлөөчү элементтер, кошулган кошулмалардын түрлөрү менен түтүкчө элементтери (айланма, фланцтык, ширетилген), күйүүчү майдагы жең, тээктер, желдеткичтер, турналар, учуучу аппараттын күйүүчү майларынын системасынын элементтери, учуучу аппараттын мунай системасы элементтери, учуучу аппараттын гидравликалык системасынын

элементтери, стенддер, КММ боюнча плакаттар, видеоматериалдар, КММ үглүлөрү.

**160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө» адистиги боюнча даярдап чыгаруу үчүн кабинеттердин, лабораториялардын, устаканалардын жана ж.б. тизмеги: (базалык даярдоо программасы боюнча)**

**Кабинеттер:**

1. Химия
2. Чет тилдер
3. Математика
4. Информатика
5. Инженердик графика
6. Техникалык механика
7. Материал таануу
8. Аэродинамика
9. Учуучу аппараттардын конструкцияларынын негиздери
10. Учуучу аппараттардын теориялары
11. Учуучу аппараттардын конструкциялары
12. Учуучу аппараттардын кыймылдаткычтарынын конструкциялары
13. Учуучу аппараттардын приборлору жана электр жабдыктары
14. Учуучу аппараттарды жана кыймылдаткычтарды техникалык эксплуатациялоо
15. Укуктук дисциплиналар
16. Эмгекти коргоо
17. Учуулардын коопсуздугу
18. Өмүр коопсуздугу

**Лабораториялар:**

19. Техникалык механика
20. Информатика
21. Электротехника жана электроника
22. Материал таануу
23. Метрологии, стандартизации и подтверждения качества
24. Аэродинамика
25. Учуучу аппараттардын кыймылдаткычтарынын теориялары
26. Учуучу аппараттардын приборлору жана электр жабдыктары
27. Окутуунун техникалык каражаттары
28. Окуу полигону

**Спорттук комплекс:**

1. Спортзал;
2. Кең профилдеги ачык стадион

**Залдар:**

1.Китепкана жана окуу залы;
2. Акт залы;

35. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети аныктай турган орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат.

**Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүлүшү**

| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүлүшү | | Негизги билим берүү программанын жана окуу циклдарынын кредиттеринин көлөмү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1 жыл 10-ай** | **2 жыл 6-ай** | **2 жыл 10- ай** | **3 жыл 6- ай** | **3 жыл 10- ай** |
| Блок 1 | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табигый цикл<br>III. Кесиптик цикл | - | - | 154 | - | 154 |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрде жумасына 2 саат) | - | - | 1-6 | - | 1-6 |
| Блок 2 | Практика | - | - | 20 | - | 20 |
| Блок 3 | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | - | - | 6 | - | 6 |
| Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын көлөмү | | - | - | 180 | - | 180 |

**160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө»** адистиги боюнча стандарт, базалык билим берүү мекемеси болгон – И. Абдраимов атындагы авиациялык институттун Мамлекеттик кесиптик орто билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу боюнча окуу усулдук кенеши тарабынан иштелип чыкты.

Кесиптик орто билим берүүнүн **160902 - «Учуучу аппараттарды күйүүчү- майлоочу материалдар менен тейлөө»**

адистиги боюнча

## БОЛЖОЛДУУ ОКУУ ПЛАНЫ

**Квалификациясы:** техник

**Өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:** жалпы орто билим берүү базасында 3ж. 10 ай

| № п/п | Окуу дисциплиналарынын аталышы жана практикалардын аталышы | Эмгек сыйымдуулугу | | Семестрлерге болжолдуу бөлүнүшү | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредиттер | саатар | 1 семестр | 2 семестр | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр | 7 семестр | 8 семестр |
| | | | | Жумалардын саны | | | | | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 |
| **1** | **2** | **3** | **4** | **9** | **10** | **11** | **12** | **13** | **14** | **15** | **16** |
| **ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ДИСЦИПЛИНАЛАРЫ** | | | | | | | | | | | |
| **Базалык (милдеттүү) бөлүк** | | | **1540** | | | | | | | | |
| 1 | Кыргыз тил | | 110 | 40 | 40 | | | | | | |
| 2 | Кыргызская (русский ) литература | | 110 | 40 | 40 | | | | | | |
| 3 | Кыргызская тил (русский) | | 60 | 20 | 20 | | | | | | |
| 4 | Дүйнө адабияты | | 60 | 20 | 20 | | | | | | |
| 5 | Чет тил | | 110 | 40 | 40 | | | | | | |
| 6 | Кыргызстан тарыхы | | 60 | 20 | 20 | | | | | | |
| 7 | Дүйнө тарыхы | | 60 | 20 | 20 | | | | | | |
| 8 | Адам жана коом | | 60 | 20 | 20 | | | | | | |
| 9 | Математика | | 280 | 100 | 100 | | | | | | |
| 10 | Астраномия | | 30 | 10 | 20 | | | | | | |
| 11 | Физика | | 160 | 60 | 60 | | | | | | |
| 12 | Химия | | 80 | 40 | 20 | | | | | | |
| 13 | Биология | | 60 | 20 | 20 | | | | | | |
| 14 | География | | 60 | 20 | 20 | | | | | | |
| 15 | Башталгыч аскер дайындык | | 120 | 40 | 40 | | | | | | |
| 16 | Дене тарбия | | 120 | 40 | 40 | | | | | | |
| | **Элективдүү бөлүк** | | **490** | | | | | | | | |
| 17 | Физика | | 120 | 40 | 40 | | | | | | |
| 18 | Математика | | 94 | 40 | 30 | | | | | | |
| 19 | Кыргыз тил | | 92 | 30 | 40 | | | | | | |
| 20 | Чет тил | | 92 | 40 | 30 | | | | | | |
| 21 | Орус тил | | 92 | 30 | 40 | | | | | | |
| | **Баардыгы:** | | **2030** | **720** | **720** | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1 БЛОК** | | | | | | | | | | | |
| **1. ЖАЛПЫ ГУМАНИТАРДЫК ЦИКЛ** | | | | | | | | | | | |
| **Базалык (милдеттүү) бөлүк** | | **15** | **450** | | | | | | | | |
| 1.1 | Кыргыз тил жана абадият | 3 | 90 | | | X | | | | | |
| 1.2 | Орус тил | 2 | 60 | | | X | | | | | |
| 1.3 | Чет тил | 2 | 60 | | | | X | | | | |
| 1.4 | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 | | | | | | | X | |
| 1.5 | Манас таануу | 2 | 60 | | | | X | | | | X |
| 1.6 | Кыргызстандын георафиясы | 2 | 60 | | | | **X** | | | | |
| | **Элективдик бөлүк** | **3** | **90** | | | | | | | | |
| 1.7 | | 3 | 90 | | | | X | | | | |
| | **Жалпы 1 бөлүк боюнча** | **18** | **540** | | | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **2. МАТЕМАТИКАЛЫК ЖАНА ТАБИГЫЙ ЦИКЛ** | | | | | | | | | | | |
| **Базалык (милдеттүү) бөлүк** | | **4** | **120** | | | | | | | | |
| 2.1 | Кесиптик математика | 2 | 60 | | | | X | | | | |
| 2.2 | Информатика | 2 | 60 | | | X | | | | | |
| | **Элективдик бөлүк** | **2** | **60** | | | | | | | | |
| 2.3 | | 2 | 60 | | | | X | | | | |
| | **Жалпы 2 бөлүк боюнча** | **6** | **180** | | | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **3. КЕСИПТИК ЦИКЛ** | | | | | | | | | | | |
| **Базалык (милдеттүү) бөлүк** | | **90** | **2700** | | | | | | | | |
| 3.1 | Авиациянын негиздери | 3 | 90 | | | X | | | | | |
| 3.2 | Авиациялык жана транспорттук коопсуздук | 4 | 120 | | | X | | | | | |
| 3.3 | Электротехника электроника | 3 | 90 | | | X | | | | | |
| 3.4 | Жарандык авиациянын аэропорттору | 3 | 90 | | | X | | | | | |
| 3.5 | Метрология стандартташтыруу жана сертификациялоо | 3 | 90 | | | | | | X | | |
| 3.6 | Куйуунун жана жарылуунун теориясы | 3 | 90 | | | | | | X | | |
| 3.7 | Аэропортту механизациялаштыруунун жердеги каражаттары | 3 | 90 | | | | | X | | | |
| 3.8 | Учуулардын коопсуздугунун негиздери | 4 | 120 | | | | | X | | | |
| 3.9 | Жашоо коопсуздугу | 4 | 120 | | | | | X | | | |
| 3.10 | Гидравлика | 4 | 120 | | | | | | X | | |
| 3.11 | Физика-химиялык анализ | 3 | 90 | | | | X | | | | |
| 3.12 | Нефть продукцияларынын технологиясы-1 | 4 | 120 | | | | | X | | | |
| 3.13 | Нефть продукцияларынын технологиясы-2 | 4 | 120 | | | | | | X | | |
| 3.14 | Химия | 4 | 120 | | | X | | | | | |
| 3.15 | Химматология-1 | 4 | 120 | | | | | | | X | |
| 3.16 | Химматология-2 | 4 | 120 | | | | | | | | X |
| 3.17 | Нефть продукцияларын ташуу жана сактоо-1 | 4 | 120 | | | | | | | X | |
| 3.18 | Нефть продукцияларын ташуу жана сактоо-2 | 4 | 120 | | | | | | | | X |
| 3.19 | ИКАОнун документтери жана аба эрежелери | 3 | 90 | | | | | | X | | |
| 3.20 | Күйүүчү-майлоочу материалдар объектилерин эксплуатациялоо-1 | 4 | 120 | | | | | | | X | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.21 | Күйүүчү-майлоочу материалдар объектилерин эксплуатациялоо-2 | 4 | 120 | | | | | | | | X |
| 3.22 | Күйүүчү-майлоочу материалдар менен толтуруу жабдыктары | 3 | 90 | | | | | X | | | |
| 3.23 | Күйүүчү-майлоочу материалдар объектилерин автоматташтыруу жана текшерүүчү-өлчөөчу приборлор | 3 | 90 | | | | | X | | | |
| 3.24 | Күйүүчү-майлоочу материалдар жана учуучу аппараттардын системаларынын түрлөрү-1 | 4 | 120 | | | | | | | X | |
| 3.25 | Күйүүчү-майлоочу материалдар жана учуучу аппараттардын системаларынын түрлөрү-2 | 4 | 120 | | | | | | | | X |
| | **Жалпы 3.1 бөлүк боюнча** | **90** | **2700** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **3.2** | **Элективдик бөлүк** | **40** | **1200** | | | X | X | X | X | X | X |
| | **1 Блок боюнча баардыгы** | **154** | **4620** | | | | | | | | |
| | **Дене тарбия** | | | | | | | | | | |
| | *Дене тарбия | | | | | | | | | | |
| **2 БЛОК** | | | | | | | | | | | |
| **Практика** | | **20** | **600** | | | | | | | | |
| 1 | Окуу практикасы | 6 | 180 | | | | X | | | | |
| 2 | Өндүрүш практикасы | 6 | 180 | | | | | | X | | |
| 3 | Квалификациялык практика | 8 | 240 | | | | | | | | X |
| | **2 блок боюнча баардыгы** | **20** | **600** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **3 БЛОК** | | | | | | | | | | | |
| **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | | **6** | **180** | | | | | | | | |
| 1 | Дисциплина аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 2 | 60 | | | | | | | | X |
| 2 | Жыйынтыктоочу мамлекеттик дисциплина аралык экзамен | 4 | 120 | | | | | | | | X |
| | **3 блок боюнча баардыгы** | **6** | **180** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **180** | **5400** | | | **30** | **30** | **30** | **30** | **30** | **30** |
| | Экзамендердин саны | | | | | **10** | **10** | **10** | **7** | **9** | **4** |
| | Курстук иштердин саны | | 2 | | | | | | | | |

*Дене тарбия кредиттен тышкары (семестрде жумасына 2 сааттан)